**УДК 070.1.2.**

**КАБАТАЕВА Г.Е.**
*Баласагын атындагы КУУ*
*КНУ им. Ж.Баласагына*
**KABATAEVA G.E.**
*J.Balasagyn KNU*

# АЗЫРКЫ УЧУРДАГЫ ДИНИЙ БАСЫЛМАЛАРДЫН МЕДИАСИСТЕМАДАГЫ ОРДУ (“ИСЛАММАДАНИЯТЫ” ГЕЗИТИНИН ЖАНА “UMMA” ЖУРНАЛЫНЫН МИСАЛЫНДА)

## Место религиозных изданий в настоящее время в медиасистеме (на примере газеты «Исламская культура» и журнала «Умма»).

## The current role of religious publications in the media system (for example, the newspaper "Islamic Culture" and the magazine "Umma")

***Аннотация:*** *Массалык маалымат каражаттарындагы, дегеле журналистикадагы диний мазмундагы темалар, бүгүнкү интернеттин заманында сайттардагы, социалдык желелердеги диний макала-баяндарды, пикирлерди, мыйзамдарга эрежелерге ылайыкташтыруу - татаал маселе. Кесипкөй журналисттер дагы катага жол берген учурлар кездешет, бирок баардык журналисттер дин темасын билбейт деген түшүнүктөн алыс кароо туура чечим. Коомдо кырдаалды курчутуунун алдын алууда, элдин дин ишенимдерине сабырдуу көз карашты калыптандырууда журналисттердин ролу чоң экени чындык көрүнүш.*

***Аннотация:*** *Религиозные проблемы в средствах массовой информации и в журналистике в целом, в эпоху Интернета, трудно адаптировать религиозные статьи, мнения и законы к правилам и положениям на веб-сайтах и в социальных сетях. Бывают случаи, когда профессиональные журналисты совершают ошибки, но лучше избегать мнения, что не все журналисты знают о религии. Действительно, журналисты играют важную роль в предотвращении обострения ситуации в обществе, в формировании толерантного отношения к религиозным убеждениям людей.*

***Abstract:*** *Religious issues in the media and in journalism in general, in the age of the Internet, it is difficult to adapt religious articles, opinions and laws to the rules and regulations on websites and social media. There are times when professional journalists make mistakes, but it's best to avoid the view that not all journalists know about religion. Indeed, journalists play an important role in preventing aggravation of the situation in society, in the formation of a tolerant attitude toward people's religious beliefs.*

***Урунттуу сөздөр:*** *медиасистема, шарият мыйзамдары, концепция, эксперт, диний агым, радикализм, экстремизм, мониторинг, цензура, серепчи.*

***Ключевые слова:*** *система СМИ, законы шариата, концепция, эксперт, религиозные движения, радикализм, экстремизм, мониторинг, цензура, эксперт.*

***Key words:*** *media system, sharia law, concept, expert, religious movement, radicalism, extremism, monitoring, censorship, expert.*

Диний теманы басылмаларда чагылдыруу иши журналисттерден өтө элетактыкты, кылдаттыкты талап кылат. Ошол эле учурда диний мазмундагыберүүлөр, каналдар, сайттар да медиасистемада бүгүнкү күндө көбөйүүдө десекжаңылышпайбыз. Бирок, алардын арасында айрым бир медиакаражаттарындамыйзамга дал келбеген чакырыктар да болуп тураарын диний эксперттер айтууда.Кыргызстанда дин – бул социалдык, маданий жана руханий өнүгүүнүн негиздеринин бири. Мамлекетте диний ар түрдүүлүктү жайылтуу үчүн тоскоолдуктар жок эсе. Мына ушул тууралуу, Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университетинин 2018-жылдагы изилдөөсүнө ылайык, учурда Кыргызстанда ТВ, гезит-журнал жана интернет сайттар кошулуп, жыйырмадан ашуун диний мазмундагы каналдар иштейт. Социалдык желелердеги атайынбарактар, "Ютубдагы" каналдарды кошкондо 50гө чамалашы мүмкүн. Анынбаары каттоодон өткөн, басымдуу бөлүгү мусулманчылык багытында иш алып барып жатышат.

Кыргызстанда дин жаатында жарык көргөн гезит-журнал, тагыраак айтканда басылмалардын саны анча көп эмес. Ошого карабастан, мисалга алып айта турган болсок, бүгүнкү күнү Ислам университетинин алдында “Ислам маданияты” аттуу 16 беттен турган гезит айына эки жолудан жарык көрүп келет. Ал гезитке көбүнчө башка университеттин гезиттери сыяктуу эле окуу жайда болгон маанилүү иш чаралар байма-бай чагылдырылып тураары маалым. Андан тышкары аталган гезитке Кыргызстандагы Чыгыш университетинде билим алып жаткан студенттер дагы өздөрүнүн кызыктуу макалаларын жарыялап турушат.

Орто Азиянын калың калкынын көпчүлүк бөлүгү динге ишенишет, бирок буга карабастан, мамлекеттер расмий түрдө "светтик" өлкө болуп саналууда. Өлкөнүн башчылары "дин фанатиктери ислам экстремисттерине айланып, жергиликтүү тургундарга зыян алып келет" деп сактанышууда. Алсак Өзбекстандын билим берүү министрлигинин буйругунун №7 пунктунда: мектеп, ЖОЖ, мамлекеттик ишканаларында хиджаб кийгендерге тыюу салынган. Өзбектерде бир принцип бар: "Же оку, же динге ишен" - деп жазат Eurasia Net.

Ал эми Тажикстанда расмий түрдө каршы эмес, бирок калктын көпчүлүгү аял кишинин хиджаб кийүүсүн жактаса, анда эксперттердин айтуусу боюнча Конституцияны жаңыдан жазып, Ислам өлкөлөрүнүн бири болуп, шарияттын мыйзамдарын карманып калбайбызбы деген пикирде.

2018- жылы өткөн Бишкек шаарындагы, Махмуд Кашгари-Барскани атындагы Чыгыш университетинин изилдөөсүнө ылайык, Кыргызстанда элдин 30 пайызы диний мазмундагы маалымат каражаттары тууралуу билишет. Адамдардын арасында “Ислам ажары”, “Ислам маданияты” гезиттери, “Золотой родник”, “Умма”, “Ак Башат” журналдары, “Марва ТВ”, “Насаат Медиа”, “Аян ТВ” видеоканалдары, Каухар радиоканалдары бүгүнкү күндө коомчулукта кандайдыр бир популярдуулукту жаратууда. Булардын баары 2013-2014- жылдардан кийин ишмердигин кеңейтип, саны жагынан гана өспөстөн,

материалдардын сапаттуулугу бир топ жакшырды. Маселен, биз жогоруда сөз кылган ММКлардын ичинде “Насаат Медиага” "Ютубда" 420 миңдей адам катталган, “Марва ТВнын” көрөрмандары 3 миңден көп, “Каухар студиясына” “Фейсбукта” миңден ашуун адам жазылган. “Умма” журналынын “Фейсбуктагы” окурмандары 20 миңге чукул.

Мындан тышкары айта турган болсок, ислам дининен тышкары, башка диндердин ишмердигин жайылтууга багытталган маалымат каражаттары деле бар. Мисалы, “Ок” радиосунда христиан динине ыктаган берүүлөр көбүрөөк эфирге узартылат. Андан тышкары, протестанттардын, баптисттердин “Жахабанын күбөлөрү” агымындагылардын да “Чыныгы ишеним”, “Сенин жолуң”, “Православ дүйнөсү” аттуу гезит-журналдары белгилүүлүгү менен таанылып келүүдө.

Бүгүнкү кыргыз медиасында дин темасы кандай чагылдырылып жатканы жөнүндө эксперт **Канатбек Мурзахалиловдун** “Умма” журналына 2019- жылдын 24-февралында №78/2 санында жарыяланган маегинде төмөндөгүчө баяндалган :

- *Динди жайылтууда медианын ролу бир кылка эмес. Маалымат каражаттарынын, сайттардын, социалдык желедеги каналдардын дараметин мамлекеттик органдар да, диний уюмдар да пайдалана албай жатышат. Дээрлик ар бир телерадиоканал, гезит-журнал, сайттар дин темасын өздөрүнүн түшүнүгүнө, каалоосуна ылайыкташтырып эле чагылдырып келатат.*

*Андан тышкары, дин темасы - элди кызыктырган темалардын бири болгондуктан, маалымат каражаттары аны угармандардын, көрөрмандардын жана окурмандардын арасында популярдуулукка жетишүү максатында да колдонушу мүмкүн.*

*Маалымат каражаттары Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиядан каттоодон өтөт. Бирок каттоодон өтүүнүн механизмдери аягына чейинчечилген эмес. Эч бир маалымат каражаты “диний” деп катталган эмес, бирокдинди чагылдырганы үчүн реестрге киргизилген,* - деди Канатбек Мурзахалилов. **Учурда дин темасы мамлекет тарабынан туруктуу көзөмөлгө алынбай келгендигинин кесепети, мамлекеттик саясатта дагы башаламандыктыалыпкелүүдө.** Бирок, ушунун натыйжасында 2014-2020-жылдарга Кыргызстанда Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясында маалыматтык саясат да өзүнчө көрсөтүлүп, төрт пункт менен белгиленгендиги тууралуу маекте эксперт кыскача мазмунунун төмөнкүчө баяндады :

*“Биринчи пункта - Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан басма сөздөгү, телерадиоберүүлөрдөгү диний мүнөздө жасалган материалдарга мониторинг жүргүзүлөт. Талдоонун жыйынтыгы жарыяланып, керек болсо чара көрүлөт.*

*Экинчи пункта - Радикализмге, экстремизмге каршы туруу үчүн маалымат каражаттарында өнөктүктөр жүргүзүлөт.*

*Үчүнчү пункта - Диний көп түрдүүлүктү, укуктук маданиятты жайылткан көрсөтүү, уктуруу, макалаларды көбөйтүлөт.*
*Төртүнчү пункта - Маалымат каражаттарындагы диний кастыкка, бөлүнүп-жарылууга каршы мекеме-уюмдардын, жарандык коомдун демилгелери колдоого алынат".*
**Мында, ар кандай диний чакырыктар менен ММКлар кылдаттык менен иш алып баруусу шартталып, ошондой эле журналисттер диний билимге үстүртөн болсо да ээ болуусу, диний темаларды коомчулукка чагылдырууда тоскоолдуктарды жаратпайт деп ишеним менен айтууга болот.**
Бул концепция кабыл алынганы менен учурда диний мазмундагы программаларда ар кандай кемчиликтер да кетип жатканы маалым. Дин ишмерлери кээде 1-2 саат түз эфирге чыгып, Кыргызстандын мыйзамдарына дал келбеген демилгелерди да айтып жиберишет.
Кээ бир ММКларда журналисттер белгилүү эле диний ишмерлердин кыздардын чет элде окуусуна, иштешине каршы чыгып, кош аялдуулукка үгүттөпжиберген жалындуу чакырыктарын да чагылдырып жиберген учурлар бар. Андай пикирлерди көбүнчө коомго чыгарып дүрбөлөңгө салбай, эфир **артынан** чечип салуу керек. Антпесе, андай чакырыктар интернет басылмаларында жана ар кайсы каналдарда тез тараары маалым.
Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын адистери андай чакырык жасаган дин өкүлдөрүнө, күч органдары аркылуу эскертүү берилерин "Умма" журналынын ушул эле санында билдиришти. Бирок соңку бир, эки, үч жыл аралыгында канча адам андай эскертүү алганы коомчулукка так эмес.
*Кайсы бир басылма же телеканалдар үчүн же ошол дин лидерлерин ээрчигендер үчүн алардын айткандары акыркы инстанциядагы чындык катары кабыл алынат. Дин – табиятынан кылдаттыкты талап кылгандыктан, диний мүнөздөгү макалаларды, берүүлөрдү, уктурууларды чыгарганда маалымат каражаттары, Интернеттеги каналдар этият болуп, сөздөрдү электен өткөрүп чыгарганы абзел. Ошол ММКнын редакциясы тарабынан көзөмөлгө алынуусу тийиш. Бирок ал көзөмөлдү цензура деп кабыл алуу туура эмес. Цензурадемократиялуу ачык коомдо болбошу керек. Бирок дин – өзгөчө мамилени талапкылат.*
Ушул көрүнүштөргө ылайык Ички иштер министрлиги 2019-жылдан тарта диний кастыкты козуткан чакырыктарга жана чагымчыл материалдарга каршы күрөштү күчөткөнүн баардык ММКларга расмий кабарлаган.
Үстүбүздөгү жылда диний мекемелер жүргүзгөн мониторингдин жыйынтыгы диний, улуттук жана аймактык ажырымга өбөлгө түзүп, Интернет аркылуу таратылган экстремисттик материалдардын бир катар көмүскө маалымат булактары каралып, аныкталып жаткандыгына байланыштуу эки өлкөнү

козутууга, башка диндерге шек келтирүүгө тыюу салынган материалдардын чыгуусуна бөгөт койууда.

**Ал эми кесипкөй журналистикадагы дин** бүгүнкү интернеттин заманында сайттардагы, социалдык желелердеги диний мазмундагы макала-баяндарды, пикирлерди мыйзамдарга, эрежелерге ылайыкташтыруу - татаал маселе. Кесипкөй журналисттер да катага жол берген учурлар кездешет, бирок баардык журналисттер дин темасын билбейт дегенден алыспыз.

Коомдо кырдаалды курчутуунун алдын алууда, элдин дин ишенимдерине сабырдуу көз карашты калыптандырууда журналисттердин ролу чоң экени чындык көрүнүш.

**Ал эми “Ислам маданияты” басылмасында** дин темасында такай макалаларды, баяндарды даярдап жүргөн журналист Алмаз Жакшылыковдун "Никеге туруудагы диний амалдар” менен мыйзамдардын ортосундагы талаштуу жагдайларды 2019-жылдын 4-марттындагы № 188/3 санында жарыяланган макаласында талдоого алган. Бул макалада д*ин темасын чагылдырууда диний сабаттуулуктун, түшүнүктүн жетишсиздигинен улам журналисттер кай бир дин өкүлдөрүн иренжитип коюу коркунучту жаратып, ушундан улам коомдо өз ара түшүнбөстүктөр, ишенбестиктерди пайда кылган учурлар көп кездешкен. Натыйжада дин ишениминдеги адамдарды микрофонго сүйлөтүү, редакцияга, студияга чакыруу, алар менен маектешүү кыйын болуп, алар динди туура эмес чагылдырган журналисттен өздөрүн обочо кармай башташы мүмкүн. Андыктан журналисттер дин темасына кайрылганда аябай кылдат болууга тийиш.*

Ушул эле басылманын санында жарыяланган дагы бир “Диний агымдар” деген журналист **Жылдыз Бекбаеванын** макаласына талдоо жүргүзө турган болсок, кесиптештери эске алчу кооптуу жагдайлардын катарына диндин көп агымдары жаралган бүгүнкү коомдо алар тууралуу өздөрү терең түшүнүк албай туруп маалымат таратып жатышканын кошуп өттү. Ал өз сөзүндө:

- *Кыргызстанда мусулманчылыктын да, христиан дининин да ар кандай агымдары көбөйбөдүбү. Алардын ишмердиги тууралуу жазганга туура келет. Биздин ар бир макалабыз аларга элдин көңүлүн бурдуруп, коом арасында жарнамалап жибериши да толук мүмкүн. Ушундай жагдайлар да бар экенин баса белгиледи.*

Эң негизгиси дин дүйнөдөгү коопсуздук темасына айланып турган учурда журналисттерден кылдат мамиле кылууну талап кылат. Анткени, Кыргызстанда дин темасында жазылган макалалар, баяндар ызы-чууга себеп болгон чоң окуя катталбаса да, тигил же бул маалымат каражаттарына наразы маанай диний ишенимдегилер арасында кездеше калып жүрөт. Диний жана дүйнөбий көз карашты карманган кишилерди редакцияларга чакырып, журналист өзү алардын кай биринин таламын талашып алган учурлар да болуп турат.

Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын адистеринин баамында,Кыргызстанда басылмаларда жана телерадиолордо диний багыттагы макалалар, берүүлөр көбөйө баштады. Мекеменин басма сөз кызматы билдиргендей, «түз эфирдеги программаларда телекөрүүчүлөрдөн кастыкты козуткан суроолор берилип, диний кырдаалды курчутуп жибериши мүмкүн болгон кырдаалдар да түзүлүүдө». Бирок маалыматта конкреттүү окуя же кайсы каналда ошондой жагдай жаралып жатканы айтылган эмес.

Дин комиссиясынын жетекчиси **Зайырбек Эргешов** медиа өкүлдөрү үчүн уюштурган семинарда экстремизм жана радикализм кулач жая баштаган азыркы доордо диний кырдаалдын курчушунун алдын алууда, ишенимдерге сый-урмат менен кароого коомду үйрөтүүдө журналисттердин ролу чоң экенин белгиледи:

- *Дин темасын чагылдырганда көбүрөөк жакшылыкка үндөгөн, кастыкты козутпаган баяндарды берсек жакшы болмок. Ар кандай учурлар бар, «жакшысын гана көрсөтүп, жаманын жашырып, проблемаларды айтпагыла» деген жокпуз. Көйгөйлөрдү көрсөткүлө. Ансыз да көп маалыматтарды журналисттерден билип жатабыз. Көп маалыматтар менен «Азаттык» радиосунун сайтынан кабардар болобуз. Журналисттерге сын айтуудан алысмын. Түшүнөбүз, журналистиканын табияты - элге маалыматты тез жеткирүү, сенсация жаратуу. Кээде такталбаган маалыматтарды чыгарып жиберген учурлар бар. Ал журналисттерди анык фактыларга, жүйөлөргө таянуу менен кабар жазууга, ар тараптуу ой-пикирлерди камтып берүүгө чакырык жасады.*

Кыргызстанда кайсы бир диндин ишенимдерин жайылтууну көздөгөн басылмалардын көбү интернетте онлайн иш жүргүзөт. Басылмаларда да тигил жебул диний багыттагы насааттарды элге сиңирген материалдар бар. Дин темасындагы талкуулар, интернетте онлайн форматта баяндардын эң көп окулган же көрүлгөн темалардын катарында экендиги баарыбызга маалым.

Ушул нерсенин натыйжасында журналист **Гүлжан Алтымышбаева** диний агымдардын ишмердигин талдаган иликтөө жүргүзүп жана ага дин темасын чагылдырган журналисттер үчүн тренингдердин өткөрүлүүсү зарылчылыкты жаратаарын көп айтып келет:

- *Дин темасын чагылдыруу темасында Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитет (УКМК) Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюму (ЕККУ) менен биргеликте журналисттерге дайым окутуу уюштурулуп турар эле. Андан бери кырдаал өзгөрдү. Медиа уюмдар, мамлекеттик органдар журналисттерге ушундай окутууларды уюштуруп берсе, катышмакпыз,* - деди ал.

Эгемендик алганга чейин Кыргызстанда салттуу диндер деп ислам жана христиан диндери саналса, акыркы отуз жылга жакынкы мезгилде кыргыз коомунда диндердин көп түрдүүлүгү кадыресе көрүнүшкө айланды. Акыркы

маалыматтарга караганда азыр отуздан ашык ар кандай багыттагы диний уюмдар, 3 миңден ашык мечит, медресе,сыйынуу жайлары бар.
Соңку кездери Борбор Азияда диний мыйзамдар катаалдай баштаганы көп айтылууда. Буга “Эркин Европа/Азаттык” үналгысынын серепчиси жана жаңылыктар бөлүмүнүн улук редактору Мерхат Шарипжан, Борбор Азиядагы диний кырдаалга кайрылып, өз пикирин билдирди. Мерхат Шарипжандын пикиринде, Борбор Азиядагы мамлекеттердин бардыгынын баш мыйзамы жарандарына ишеним жана дин эркиндигин бергени менен иш жүзүндө ага каршыкелген кадамдар жасалууда.

Маселен, 5-мартта тажик парламенти диний уюмдар тууралуу жаңы мыйзамкабыл алды. Ал мыйзам Тажикстанда 1992-жылы кабыл алынган мыйзамгакараганда алда канча катаал. Парламент депутаттары бул мыйзамда баардык элединдерди бирдей карашканын айтышканы менен Тажикстан элинин 90 пайызытутунган Исламдын “Ханафи” агымына негизги артыкчылык берилип калган.Эгер ага президент Эмомоли Рахмон кол кое турган болсо башка диндердинтаралуусуна бөгөт коюлуп калат. Андантышкары “Азаттыктын” серепчиси 2009-жылдын январында Кыргызстанда да ошол сыяктуу мыйзам кабыл алынганын, эми бул өлкөдө да миссионердик иш-чараларга бөгөт коюлганын баса белгилейт.
Ал эми Өзбекстанда 1998-жылы эле салттуу динден башка диний уюмдарга ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө расмий түрдө тыюу салынган. Өткөн айда болсо Ташкендеги бир исламдык басылмада иштеген 5 журналистти сот 8 жылдан 12 жылга чейин абакка кесип жиберген. Мерхат Шарипжандын ырастоосунда, ал журналисттер ислам дининдеги өзүнчө агым катары саналган Саид Нурсинин окууларын жайылтууга аракет жасашкан.
Казакстанга кайрылган серепчи, эки эле ай мурда казак соту орус жараны жана “Биригүү чиркөөсүнүн” миссионери Елизавета Дреничеваны эки жылга түрмөгө кескенин эскертет.
Серепчинин айтымында, совет доорунда диний уюмдар көпчүлүктүн жүрөгүнүн үшүн алган коопсуздук комитетине же ошол доордун тили менен айтканда КГБга түздөн-түз баш ийчү жана көпчүлүк өз ишенимин жашырганга аракеттенчү. СССРдин кыйрашы менен көпчүлүк эл өздөрүнүн салттуу динине кайтышып, кыйласы четтен келген агымдарга кирип кетишти.
90-жылдардан кийинки экономикалык каатчылык заман да Борбор Азиядагы элдин көбүн негизинен исламга бурду. Маселен, Казакстандын айылдарында өп-чап турмушта жашаган жаштар шаардын жаштарынын кыйла дурус жашоосун, машине минип, чет өлкөдө саякатта жүрүшкөнүн көрүп нааразы болушуп, теңчиликти жана адилеттикти убада кылган ислам топторуна кошулуп кетишти. Серепчинин айтуусунда, Өзбекстан ислам кыймылына деле көпчүлүк жаштар ушундай себептерден улам тартылышкан.

Бул серепчини ырастоосунда, учурда Борбор Азиядагы бардык лидерлер катары барган сайын кеңейип бараткан түрдүү диний агымдардан чочулашып, аларды катуу көзөмөлгө алууга, салттуу диндерден башкасына бөгөт коюуга бет алышты.

Ал эми *"UMMA (УММА)"* журналы жөнүндө айта турган болсок, бул журналдын алгачкы саны 2015-жылдын март айында жарык көрүп баштаган. Журналдын ээси – "Аль-Умма" ЖЧКнын ээси белгилүү теолог Кадыр Маликов. Журналдын башкы редактору – Элиана-Марьям Сатарова. Журнал толугу менен орус тилинде чыгып, өлкөбүздөгү орус тилдүү, айрыкча шаардык мусулман жаштарга арналган. Бул пикирин Кадыр Маликов орус тилдүү гезиттердин бирине берген маегинде айткан. Умма деген сөз арабча сөз, кыргызча "калк, эл, үммөт" деген маанилерди билдирет. Журнал 3000 нускада, 122 бет болуп 3 айда бир жолу чыга турган болуп түзүлгөн. Журналдын 2-саны 2015-жылдын июнь айында орозого карата чыгарылган.

Журналдын ички, тышкы дизайны өзгөчө, аябай жакшы десек жаңылышпайбыз. Макалалардын жайгашуусу, сүрөттөрдүн тандалуусу дизайнердин мыкты экендигин билдирип турат. Журнал негизинен үй-бүлөгө, тарбияга, Исламга болгон көз карашты жаңыча нукта берүүгө багытталган.

Басылманын ар бир санында жашоонун бардык чөйрөсүн камтыганхадистер жөнүндө 400дөн ашуун теманын ар бири кеңири баяндалып чыгып турат. 5000 нускадагы китептин жарымынан көбү Кыргызстандагы имамдарга жана медреселерге окуу куралы катары бекер таратылып берилет. Калганы окуу жайларга, кызыккандарга тапшырылат.Мына ушундай маанилүү диний темадагы макалалар басылманын бетинен ар дайым орун алып келет.

Бүгүнкү күндө басылма беттеринде өзгөчө кыргыз тилдүү гезиттерде канды кызыткан сенсациялуу диний көз караштагы макалалар чыккан жок деп айтуугагамүмкүн эмес. Кээ бир жеке менчик гезиттер макаланын окумдуулугун артыруу үчүн маалыматты бурмалап, редакциянын форматына ылайыкташтырып чагылдыраарын жашырып болбойт. Албетте, кандай болбосун, ар бир журналист өзү жазган макалага жооп бериши керек. Ошол эле учурда даярдаган маалыматты эфирге же гезит бетине чыгарган редактор да жооптуу. Биздеги чоң кемчилик журналисттер гезиттин тиражын, жогоруда айткандай окурмандардын же угармандардын көңүлүн бурдуруу максатында сенсация жаратууга басым жасап жатышат. Бирок дин маселесин чагылдыруу - от менен ойногонго барабар.

Экинчиден, диний макалаларды, деги эле кандай макала болбосун журналисттер макаланы өзүнүн атынан чыгарып жиберген учурларды дагы байкоого болот. Бул деген журналисттик этикага жатпаган жосунсуз жорук экенин да баса белгилеп коюбуз керек. Ошол себептен, ар бир журналист жазган макаласын этияттап, макаланы ким жазса, ошол тиешелүү адамга, макаланын авторуна шилтеме берип жазуусу зарыл. Бул боюнча дин боюнча илимий эмгек жазып жаткан журналист Базарбай Гапаров "Умма"журналына төмөндөгүдөй

оюн билдирди. “Биринчи кезекте журналисттерде дин тууралуу маалыматтын жоктугу, маалыматты бурмалоого алып барат. Ушунун натыйжасында маалымат таркатуучулар жазган материалын терең изилдебей өзүнүн жорумдары менен эле жарыялап коюу менен туура эмес калпыстыктар кетип жатат. Азыркы учурда ислам динин туура жолго салабыз деп жатышат. Бирок бул багытта маалымат жетишсиз. Албетте кээде сенсацияны кубалап, чуулгандуу материалдарды жарыялап жатышат. Бул коомчулуктун психологиясына терс таасирин тийгизет. Керек болсо биз билип билбей радикалдык күчтөргө кызмат кылып, аларды жарнама кылып жатабыз. Ошол себептен мындай көрүнүштөрдү болтурбоо үчүн атайын чектөө керек” -деген оюн айтты.
Чынында чуулгандуу материалдарга гезит беттеринен орун берилип, Кыргызстан мусулмандар диний башкармалыгы менен соттошкон журналисттер да жок эмес. Буга чейин Кыргызстан мусулмандар башкармалыгынын мурдагы башчысы экс-муфтий Чубак ажы менен 24 kg маалымат булагынын журналистти сотошконун билебиз. Анда муфтият журналистти туура эмес маалымат таратты деп айыптаган. Мындай көрүнүштөр ондоп саналаары маалым. Андыктан, журналисттер маалыматты жазууда жана жайылтууда терең анализдеп, андан соң аудиторияга тартуулашы зарыл.

***Пайдаланылган адабияттар:***


1. Бартольд В.В. “Ислам”- Санкт -Петербург, 1918. - С. 92.
2. Бег М. А. “Демократия жана ислам” // Ислам азыркы светтик мамлекетте: Эларалык конференциялардын баяндамалар жыйнагы. Бишкек., 2017
3. “Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясат жана Кыргызстандагы негизги динийагымдар”. Усулдук китепчеси. Бишкек;2015
4. Дюшенбиев С.У. “Ислам в современном Кыргызстане: состояние и проблемы”Религиоведение. Бишкек; 2011 №3 С. 107-126
5. Дюшенбиев С.У. “Исламские секты в Кыргызстане”, “Исламские ценности Центральной Азии: толерантность и гуманизм. Историко-философские аспекты”. Материалы Международной научной конференции. – Т; 2008.- С.173-182.
6. Еремеев Д.Е. “Ислам: образ жизни и стиль мышления”. – М; 1990. - С. 83-84.
7. Кузюткин М.А. “ Религиозная тематика в республиканских СМИ”. Москва, 2016
8. Лученко К.В. Интернет и религиозные коммуникации в России. М; 2016
9. Маликов К.М. “Мусулман жамааты менен иш алып баруу боюнча теориялыкжана практикалык негиздер”. Бишкек; 2015


***Рецензент: Джапаров Н.Р.*** *– филология илимдеринин кандидаты, И.Арабаев атындагы КМУнун доценти.*